# А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби

## Мектеп ичинде предметтер боюнча өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыгы 2022 – 2023 окуу жылы

Ар бир окуу жылында мектеп ичинде предметтер арасында олимпиада иши өткөрүлүп турат. Бизде 2 метод бирикме иш алап барат ( жогорку жана башталгыч класстар). Жогорку класстар арасында предметтер боюнча жүргүзүлө турган олимпиада ишине окуу жылынын башында эле даярдыктар көрүлөт. Олимпиада өтүүнүн жобосу менен ар бир мугалим таанышып чыкты. Ошого жараша иш план түзүлүп бекитилди. Ар бир предмет боюнча олимпиада өткөрүүнүн формасы тактапып, ошого жараша консультация иши жүргүзүлдү. Администрация тарабынан мугалимдер менен окуучунун биргеликте иштөөсүнө көзөмөл жүргүзүлүп жатты. Олимпиадага окуучуларды даярдоо үчүн мугалимдерге администрация тарабынан шарт түзүлүп берилген.

Мектеп ичинде олимпиада иши жылдагыдан башкача 26 -ноябрда иш эмес күнү,ишембиде өткөрүлдү. Бардыгы болуп 10 предмет камтылды. Жалпысынан 59 окуучу катышты. Былтыркы жылга салыштырмалуу быйыл 5 - класс камтылды.

| № | Класс | Предмет | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз тили | Орус тили | Чет тили | Тарых | Математика | География | Биология | Физика | Химия | Информатика | Бардыгы |
| 1 | 5 | 2 | 1 | 0 | 2 | 4 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 10 |
| 2 | 6 | 2 | 1 | 4 | 0 | 2 | 2 | 2 | 0 | 0 | 1 | 14 |
| 3 | 7 | 2 | 1 | 1 | 1 | 3 | 1 | 1 | 1 | 0 | 1 | 11 |
| 4 | 8 | 1 | 2 | 1 | 2 | 1 | 1 | 3 | 2 | 1 | 1 | 16 |
| 5 | 9 | 1 | 1 | 0 | 0 | 1 | 1 | 0 | 1 | 2 | 1 | 8 |
| | **Бардыгы** | **8** | **6** | **6** | **5** | **11** | **5** | **6** | **4** | **3** | **5** | **59** |

Былтыркы окуу жылы теориялык жана практикалык деп эки тур менен өткөн. Быйылкы окуу жылында бардык предметтер бир эле тур менен өттүштү. Мектеп эки сменде окулуп жаткандыктан 10 предметти бир күндө өтүүгө туура келди. Олимпиада окуучуларды линейкага тизүү менен башталды. Азыркы кырдаалга байланыштуу санитардык нормалар сакталды. Бизде окуучулардын көбүрөөк бөлүгү коңшу айылдардан келгендиктен олимпиада өткөрүлүп жаткан күнү автобус каттабай калып, эртең менен 15 минут кечигип келишти.

Мектепте окуучулардын саны аз болгондуктан, ар бир предметке ошол эле окуучу катышып жатты. 5 класс даярдалып, 2 сааттан убакыт берилди. Түзүлгөн графикте иш жүрдү.

**Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча:**

| **Класстар** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 8 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | 2 | 1 | 0 | 0 | 1 | 4 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | | 1 | 2 | 1 | | 4 |

Олимпиаданын суроолору 3 багыттан түзүлгөн. Биринчи суроо тест менен алынды. Экинчисине талдоонун түрү берилген. Үчүнчүсү окуп түшүнүү болду. Тапшырмаларды 7- класстын окуучулары так,туура аткарышты.
5 жана 9 - класстын окуучулары толук аткара алган жок,мында тест иштери толук иштелип, ал эми талдоо ишинде кыйналуу болду.
Мугалими Мусапырова Г.А тажрыйбалуу ,насаатчы жана мектеп ичинде МБ жетектейт. Гулнара Ариповнага талдоо иштерин көп камтып,балдар менен практикалык жактан сабак өтүү сунушталды.

**Орус тили жана адабияты сабагы боюнча:**

| **Класстар** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | 2 | 1 | 1 | 2 | 1 | 7 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | 2 | | 1 | 1 | 1 | 5 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | | 1 | | 1 | | 2 |

Бул сабактан окуучулардын деңгээлине карата 3 багытта тапшырмалар берилди. Текст менен иштөө. Окуп түшүнүү иши окуучуларды кызыктырып иштөөгө өбөлгө болду. Тапшырмалар кызыктуу, ар тараптуу түзүлгөн. Бул сабакта окуучулар көбүнчө синтаксисттик талдоо ишинде ката кетиришкен.
6 - класстарда лексика жана орфографиядан каталары көп кеткен.
Мугалими Шаршеналиева Кулжакан Тункатаровна тажрыйбалуу болсо дагы, окуучулар менен иштөөдө ушул кетирген каталардын үстүндө иш алып баруусу сунушталды.

**Чет тили сабагы боюнча:**

| **Класстар** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы . | | 4 | 1 | 1 | | 6 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | | 3 | | | | 3. |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | | 1 | 1 | 1 | | 3 |

Чет тили сабагынан тапшырмалар өтө эле аз жана окуучуга кызыксыз берилген. Мугалим Мамбетова Анара Касеновна стажы 17 жыл болсо да, олимпиада ишине кош көңүл мамиле жасаган. Тапшырмалары аз жана окуучуга кызыксыз берилген.

**Математика сабагы боюнча:**

| **Класстар** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | 4 | 2 | 3 | 1 | 1 | 11 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | 3 | 2 | 3 | | | 8 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | 1 | | | 1 | 1 | 3 |

Берилген тапшырмаларды аткарууда 7 – класста мисалдардын, маселелердин шартын толук аткара алышкан эмес. Теңдемелерди чыгарууда, тамырын табууда, туюнтмаларды чыгарууда жана бөлчөктөрдү жөнөкөйлөнтүүдө каталар кеткен. Бул предметтен 2 мугалим берет. Бул мугалимдерге окуучулар менен иштөөдө теңдеме,туюнтма иштерин көбүрөөк иштөө жана бөлчөктөр боюнча маселе,мисалдарды иштөө сунушталды.

**География сабагы боюнча:**

| Класстар | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | | 2 | 1 | 1 | 1 | 5 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | | | | 1 | 1 | 2 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | | 2 | 1 | | | 3 |

Теориялык иште мугалим тапшырманы кызыктуу түзүп алган. 3 бөлүмдөн турган тапшырмалар берилип,схема,таблицалар толтурулду. Окуучулар тапшырманы тез бүтүрүп койгон, ал эми картадан шаарлардын координатын табуу,ички миграция боюнча суроолорго жоопторго бир аз убакыт талап кылынды. Окуучулар менен иштөөдө картаны көбүрөөк колдонуу, кызыктыруу максатында суроо жооп оюндарын уюштуруп туруу,суроолорду кагаз жүзүндө өткөрүү жана кошумча материалдарды колдонуу сунушталды.

**Тарых сабагы боюнча:**

| Класстар | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | 2 | | 2 | 1 | | 5 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | 1 | | 1 | 1 | | 3 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | 1 | | 1 | | | 2 |

Тарых сабагы боюнча олимпиаданын суроолору жеңил түзүлгөн. Жалпысынан окуучулар жакшы жыйынтык бере алышкан жок. Тест менен чектелген суроолор берилген. Мугалим Сазбакова Айнур Садыгалиевна стажы 41 жыл болсо да окуучуларды кызыктыра албайт. Карта менен иштөөдө 8 -класстын окуучусу тапшырмаларды толук аткара алган жок. Кийинкиде эске алынып, карта менен көбүрөөк иштерди жүргүзүү сунушталды.

**Биология сабагы боюнча:**

| **Класстар** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | | 2 | 1 | 2 | | 5 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | | 1 | | 1 | | 2 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | | 1 | 1 | 1 | | 3 |

Биология сабагы боюнча олимпиадалык тапшырмалар 3 багытта берилди. Биринчиси окуучулардын алган билимин бышыктоо иретинде тесттик тапшырмалар берилди.Экинчиси, таблицалар менен иштөө, үчүнчүсү, окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү максатында логикалык суроолор берилди. Окуучулар тапшырмаларды толук аткарышты.

**Физика сабагы боюнча:**

| **Класстар** | **6** | **7** | **8** | **9** | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | | 1 | 2 | 1 | 4 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | | | 1 | | 1 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | | 1 | 1 | 1 | 3 |

Физика сабагы боюнча окуучулар болгон тапшырмаларды аткарышты. Берилген тапшырмалар окуучулар үчүн жөнөкөй болду. Берилген маселелер да аткарылды. Бирок аткарууда окуучулардын түшүнбөстүгү байкалат,маселе окуучу үчүн оор болду. Мугалим Сазбакова Динар Садыгалиевна совместитель . Балдар менен иштөөдө убакыты жетишпейт. Кошумча сабактарды уюштура албайт.

**Химия сабагы боюнча:**

| Класстар | 6 | 7 | 8 | 9 | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | | | 2 | 1 | 3 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | | | 1 | | 1 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | | | 1 | 1 | 2 |


Химия сабагы боюнча окуучулар болгон тапшырмаларды аткарышты. Берилген тапшырмалар окуучулар үчүн оор болду. Берилген маселелер да аткарылды. Мектепте лабораториялык иштерди аткарууга шарттын жоктугун мугалим жыл сайын айтып келет.

**Информатика сабагы боюнча:**


| Класстар | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышканы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 5 |
| Тапшырмадан ката кетиргени | 1 | 1 | | | | 2 |
| Жеңүүчүлөрдүн саны | | | 1 | 1 | 1 | 3 |

Информатика сабагы быйыл эле олимпиадага катышып жатат. Окуучулар болгон тапшырмаларды аткарышты. Берилген тапшырмалар окуучулар үчүн жөнөкөй болду. Бирок аткара албаган окуучулар да болду.
Мугалим Омуралиева Рахат Манашевна мектепте компьютер жок болгондуктан практикалык бөлүк камтый алган эмес.
Бул маселени чечүү үчүн администрация аракеттерди жасап келет.

Былтыркы окуу жылына салыштырмалуу быйылкы окуу жылында өтүлгөн олимпиада бир аз болсо да айырмалана алды. Ар бир предмет 2 турду бир эле күндө өткөрүштү. Былтыркыга салыштырмалуу катышкан окуучунун саны көп болду.




Жыл сайын олимпиадага кызыккан окуучулар бар. Предмет мугалимдерине кошумча сабактарды уюштуруу , предметке кызыктыруу иретинде конкурс,викториналарды тез тезден өтүү иштери камтылсын деп талап коюлууда. Быйылкы олимпиада былтыркы окуу жылына салыштырмалуу бир аз жыйынтыктуу болгону байкалат.




Жеңүүчү окуучунун саны былтыркыга салыштырмалуу 2,2% ке көбөйгөн.

Олимпиаданы жыйынтыктап линейка өтүлүп, окуучуларга сыйлыктар тапшырылды.
Олимипиаданын жыйынтыгы директор алдындагы кеңешмеде декабрь айында каралат. Ар бир предмет мугалими өз ишине анализ жасап, маалымат беришти. Өтө төмөн көрсөткүчтү берген мугалимдерге эскертүү берилди.
Мугалимдер женүүчү окуучулар менен жума сайын белгиленген графикте шаардык олимпиадага даярданууда.

**Анализдөө менен төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик**:

1. Бардык предметтен окуучулар жакшы жыйынтык бере алышкан жок.
2. Окуучуларга кошумча сабактарды уюштуруп, шарт түзүп берүү
3. Предмет мугалимдери окуучунун кругозорун өстүрүү үчүн жекече иштерди уюштуруу
4. МБ жетекчиси шыктуу окуучулар менен иштөөнү көзөмөлгө алуу
5. Жеңүүчүлөр менен консультация иш жүргүзүлүп,шаардык олимпиадага окуучуларды даярдоо.

Мектеп ичинде олимпиаданын жыйынтыгы менен төмөндөкү окуучулар район,шаар аралык өтүлүүчү олимпиаданын 2 - туруна сунушталат:

| № | Аты,жөнү | Классы | Предмет | Мугалими |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

Директор: Курманалиева З.О